КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР

## ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИН I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН 3- КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫ

## ТОКТОМ

2025-жылдын 29-январы №16 Оргочор айылы

**Оргочор айыл аймагында үй – бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду узатуу, сөгүн жайга коюу боюнча ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө ЖОБОну бекитүү**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы “Кыргыз Республикасында үй – бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү ырым-жырымдарын иретке келтирүү чаралары жөнүндө” ПЖ № 54 Жарлыгына жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 14-октябрындагы “Кыргыз Республикасында “Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө”Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча чаралар тууралуу” ПЖ №296 Жарлыгына ылайык, 2025-жылдын 14-январындагы аймактын имамдары менен болгон жыйындын жана 2025-жылдын 16-январындагы аймактын коомдук уюмдары жана айыл тургундары менен болгон чогулушта талкууланып, жыйынтын катышуучуларынын сунуш –пикирин эске алуу менен Жобо иштелип чыгып сессиядан бекитүүгө сунушталган. Жергиликтүү кеңешинин “Социалдык маселер, маданий өнүгүү, укук жана спорт маселелери” боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы А.Молдокматованын 2025-жылдын 23-январындагы отурумундагы билдирүүлөрү угулуп жана талкууланып жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы “Кыргыз Республикасында үй – бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү ырым-жырымдарын иретке келтирүү чаралары жөнүндө” ПЖ № 54 Жарлыгына жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 14-октябрындагы “Кыргыз Республикасында “Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө”Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча чаралар тууралуу” ПЖ №296 Жарлыгына ылайык иштелип чыккан Жобо алымча-кошумчасы менен 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Жобого ылайык иш алып баруу жагы айыл өкмөт башчысы Ж.Жумашовго милдеттендирилсин.
3. Токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб-сайтына жайгаштырып, юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн иш кагаздарын алып баруу жагы жергиликтүү кеңешинин жооптуу катчысы Э.Тариеловага тапшырылсын.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө алуу жагы жергиликтүү кеңешинин “Социалдык маселер, маданий өнүгүү, укук жана спорт маселелери” боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Тыныбеков**

Оргочор жергиликтүү кенешинин
2025-жылдын 29-январындагы
№ 16-токтомуна 1-тиркеме

**Оргочор айыл аймагында үй – бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду узатуу, сөгүн жайга коюу боюнча ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө**

**ЖОБО**

1. Жалпы жоболор
2. Жобону иштеп чыгуунун, кабыл алуунун жана күчүнө киргизүүнүн тартиби
3. Үй-бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүнүн тартиби
4. Маркумду узатуу, сөгүн жайга коюу,эскерүү ырым-жырымдарды өткөрүүнүн тартиби
5. Үй – бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду узатуу, сөгүн жайга коюу боюнча ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартибин иретке келтирүүчү, көзөмөлдөөчү комиссиялар жана кызмат адамдары
6. Жобонун талаптарын бузгандыгы үчүн жоопкерчилик

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы “Кыргыз Республикасында үй – бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү ырым-жырымдарын иретке келтирүү чаралары жөнүндө” ПЖ № 54 Жарлыгына жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 14-октябрындагы “Кыргыз Республикасында “Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө”Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча чаралар тууралуу” ПЖ №296 Жарлыгына ылайык жергиликтүү калктын өзгөчөлүгүн жана салтын эске алып иштелип чыккан, жергиликтүү жамааттын жыйынында кабыл алынган эрежелерди камтыйт.

1.2. Жобонун максаты айыл аймагынын айылдарында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду узатуу, экерүү ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүү, аларды өткөрүүдө убаракерчиликке, өлүк ээсин мажбурлоого өзүн көрсөтүүгө умтулууга башка адамдардын социалдык абалын тоготпоого, ашыкча ысырапкорчулукка, элдин салт-саанасын, үрп-адаттын тоготпоого жол бербөө, ата-салтына жат терс жөрөлгөлөрдүн күндөлүк турмушта жайылышына бөгөт коюу, элибиздин нукура салт-санаасын жана ырым-жарымдарын кеңири пропагандалоо жана жайылтуу болуп эсептелет.

## 2. Жобону иштеп чыгуунун, кабыл алуунун (бекитүүнүн) жана күчүнө киргизүүнүн тартиби

2.1. Оргочор айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду узатуу, эскерүү ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобону (мындан ары-жобо) иштеп чыгуу үчүн айыл өкмөтүнүн башчысы, жергиликтүү кеңештин депутаттарынын, ардагерлердин, аялдар жана жаштар уюмдарынын, аксакалдар сотунун, диний уюмдардын, өкмөттүк эмес уюмдардын, жергиликтүү коомдоштуктун өкүлдөрүнөн турган жыйын уюштурулат.

2.2. Ушул типтүү жобонун негизинде иштелип чыккан жобонун долбоору айылдык жыйындарда талкууланат, жалпыга тааныштыруу үчүн такталарга илинет. Келип түшкөн иштиктүү сунуштар эске алынып, жобонун долбооруна киргизилет. Иштелип чыккан жобо жергиликтүү кеңештин сессиясында бекитилет.

2.3. Жобону бекитүү жөнүндө жергиликтүү кеңештин токтому белгиленген тартипте сайттарына жарыяланат.

2.4. Жобого кызыккан жарандарга айыл өкмөтү жана жергиликтүү кеңеш тарабынан токтоосуз тааныштырылат.

## 3. Үй – бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүнүн тартиби

3.1. Үй-бүлөлүк салтанаттарга үйлөнүү үлпөттөрү, кыз узатуу тойлору, бешик тоюу, тушоо кесүү тоюу, балдарды сүннөткө отургузуу, нике тоюу, куда тосуу, туулгандыгы боюнча даталуу күндөрдү, бүтүрүүчүлөрүнүн жолугушуулары, мааракe салтанаттары жана ж.б. кирет.

3.2. Үй-бүлөлүк салтанаттар Оргочор айыл аймагынын айылдарында калыптанып калган жергиликтүү эрежелер жана тартип боюнча, киргизилген чектөөлөрдү жана тыюуларды бекем сактоо менен өткөрүлсүн.

3.3. Жамааттарда өтүүчү куда тамактары (түштөндүрүү), мааракелер, Нооруз, Эгемендүүлүк майрамдары жалпы тартипте ысырапкерчиликке жол берилбей өткөрүлсүн.

3.4. Үйлөнүү үлпөттөрү, кыз узатуу тойлору, бешик тоюу, тушоо кесүү тоюу, балдарды сүннөткө отургузуу, нике тоюу, куда тосуу, туулгандыгы боюнча даталуу күндөрдү, бүтүрүүчүлөрүнүн жолугушуулары ж.б. той тамашалар ашыкча ысырапкерчиликке жол бербей, белгиленген тартипте өткөрүлсүн. (куда түштөндүрүүлөргө чектөө коюлуп, баалуу белек тапшырууга жана дасторкон көркүнө чектөөлөр коюлсун)

3.5. Үй-бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүдө спирт ичимдигин колдонууга чектөө киргизилсин.

## 4. Өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби

4.1. Маркумду узатуу, эскерүү ырым-жырымдарын (акыркы сапарга узатуу, үчүлүк, жетилик, кыркылык) өткөрүүдө 2 (эки) баш койдон 1 (баш) бодого чейин уруксат берилсин.

4.2. Маркумду узатуу, эскерүү ырым-жырымдары мал союну эсепке албаганда айылдарда калыптанып калган жергиликтүү эрежелер жана тартип боюнча өткөрүлсүн. (сөөктү узатуу 2 күндөн ашырылбасын)

4.3. Аялдарга таркатуу үчүн жыртыш же жүз аарчууларды берүү жагы токтотулсун.

4.4. Сөөк чыккан жерге пакет жасап келүү, кайра алып кетүү иштери токтотуга чектөө коюлсун.

4.5. Өлгөн адамдын кырк‍ы, ашы 1 (бир) баш бодо мал союу менен өткөрүлсүн

4.6. Сөөк чыккан жерге айыл эли тарабынан куран окутуу биринчи жана экинчи жумалыгынын бейшемби күнү кана ишке ашырылсын жана досторкон көтөрүп баруу жагы токтотулсун. (акчалай жардам берүү жагы сунушталат)

4.7. Сөөк чыккан үйдөн пакет таркатуу тыйылсын. (Үй ээсине эскертилсин)

4.8. Мүрзөдөгү эстеликтер жана тосмолор жыгач материалдарынан даярдалат жана бийиктиги 0,70 метрден ашпоо керек. (Үй ээсине эскертилсин)

## 5. Үй – бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүүчү, көзөмөлдөөчү комиссиялар жана кызмат адамдары

Жобого ылайык үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүүчү, көзөмөлдөөчү органдарга жана кызмат адамдарына айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринен (айыл башчылар, социалдык маселелер боюнча кызматкерлер), жергиликтүү кеңештин депутаттарынан, карыялар (ардагерлер) кеңешинен, аялдар жана жаштар уюмдарынан, аксакалдар сотунан, диний уюмдардан, өкмөттүк эмес уюмдардан, жергиликтүү коомдоштуктун өкүлдөрүнөн турган комиссия кирет. Баардык комиссиялар өздөрүнүн ишин документтештирет.

### 5.1. Жергиликтүү комиссия

5.1.1. Жергиликтүү комиссия айыл өкмөтүндө аймактык коомдук өз алдынча башкаруусунда түзүлөт. Анын курамына айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, жергиликтүү кеңештин депутаттары, маданият мекемесинин, ардагерлердин, аялдардын жана жаштардын уюмдарынын, аксакалдар сотунун, диний уюмдардын, өкмөттүк эмес уюмдардын, милициянын, жергиликтүү коомдоштуктун өкүлдөрү кирет. Жергиликтүү комиссия айыл өкмөтүнүн башчысынын буйругу менен бекитилет.

5.1.2. Жергиликтүү комиссиянын мүчөлөрү маркумду эскерүү ырым-жырымы өткөрүлүп жаткан жерге чогуусу менен барып түшүндүрүү иштерин жүргүзөт, өлүк ээсин жобонун талаптары менен тааныштырып, жобонун талаптарынын аткарылышына мониторинг жана көзөмөл жүргүзөт (же акт түзөт), ал тууралуу комиссияда маселе карайт, талапты бузган адамдарга карата чара ( анын ичинде коомдук уяткаруу чарасын, айып пул салуу) көрөт.

### 5.3. Комиссиянын функциялары

5.3.1. Комиссиялар төмөндөгүдөй функцияларды жүзөгө ашырат:

5.3.2. Оргочор айыл өкмөтүнө Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасында үй – бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду узатуу, эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү Жарлыгы боюнча келип түшкөн билдирүүлөрдү карайт жана калк арасында түшүндүрүү иштерине көмөктөшөт.

5.3.4. Айыл өкмөтү Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасында үй – бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү Жарлыгын аткарбай, каяша айтып, тескери үгүт жүргүзгөн жарандарды түзүлгөн комиссияга чара көрүү боюнча сунуш кылат;

### 5.4 . Комиссиянын ишин камсыз кылуу

5.4.1 Комиссия төмөндөгүлөргө укуктуу:

5.4.2 Комиссиянын иши анын кеңешмесине бардык мүчөлөрүнүн үчтөн экиси катышкан учурда ыйгарымдуу деп эсептелет;

5.4.3. Комиссиянын чечими кеңешмеге катышкан комиссиянын мүчөлөрүнүн көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алынат;

5.4.4. Өзүнүн жыйналышына мамлекеттик жана мамлекеттик эмес органдардын, эмгек жамааттарынын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүн, каралып жаткан маселеге тиешеси бар өкүлдөрдү чакырта алат.

### 5.5.Комиссияга жетекчилик кылуу жана ишин уюштуруу

5.5.1 Комиссияга анын төрагасы жетекчилик кылат.

5.5.2 Комиссиянын жыйналышы зарылчылыгына жараша өткөрүлөт. Жыйналышты комиссиянын төрагасы алып барат, ал жокто комиссиянын төрагасынын орун басары алып барганга укуктуу.

5.5.3 Комиссиянын жыйынында протокол жазылат жана кабыл алынган протоколдук чечим комиссиянын төрагасы жана анын катчысынын колу менен бекитилет;

5.5.5. Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасында үй – бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду узатуу,эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү Жарлыгы боюнча комиссиянын протоколдук чечими айыл өкмөтүнө өткөрүлүп берилет.

5.5.6 Комиссиянын жыйналышы үчүн материалдарды даярдоо жана кабыл алынган чечимдер боюнча ишти комиссиянын катчысы жүзөгө ашырат.

### 6. Жобонун талаптарын бузгандыгы үчүн жоопкерчилик

6.1 Айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду узатуу, эскерүү ырым-жырымдарын өткөрүү боюнча Жобонун талабын бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинде, комиссиянын чечимине ылайык жазалоо жагы каралат.

**Жооптуу катчы** **Э.Тариелова**